**Каралды:**
**Педагогикалык**
**кеңештин**
**№1 протоколунда**
**“29” август 2022-жыл**

**Бекитем:**
**№ 94 жалпы орто билим берүү**
**мектебинин милдетин аткаруучу**

**Ажыгулова К.К.**

# Окуучулардын дептерлеринин сакталышы жана аларды текшерүүнүн тартиби жөнүндө жобо

**Жалпы жоболор.**

Мектепте предметтер боюнча жумушчу дептерлерди уюштуруу 1-9-класстын ар бир окуучусуна милдеттүү түрдө жүргүзүлөт.

Предметтер боюнча жумушчу дептерлердин саны жана алардын предметтик мугалимдер тарабынан текшерилиши ушул жобого ылайык жөнгө салынат.

Предметтик мугалимдер окуучулардын жумушчу дептерлеринин жалпы абалын, бирдиктүү орфографиялык режимдин сакталышын, туура жана так жазууларды көзөмөлдөөгө милдеттүү.

Жумушчу дептерди текшерүү үчүн мугалим кызыл пастаны гана колдонушу керек (кызыл сыя калемсап).

Предметтер боюнча жумушчу дептерлердин саны төмөндөгүдөй:

| Предмет | Дептерлердин саны | |
|---|---|---|
| | 1-4 | 5-9 |
| Кыргыз тили | 2 жумушчу дептерлери,<br>1 жат жазуу дептери | 2 жумушчу дептерлери,<br>1 жат жазуу дептери |
| Адабий окуу | | |
| Орус тили | 2 жумушчу дептерлери,<br>1 сөздүк дептери | 2 жумушчу дептерлери,<br>1 жат жазуу |
| Орус адабияты | | 1 чыгармачыл иштер үчүн дептери |
| Математика | 2 жумушчу дептерлери,<br>1 текшерүү иши дептери | 2 жумушчу дептерлери,<br>1 текшерүү иши дептери |

| | | |
|---|---|---|
| Англис тили | 1 жумушчу дептер<br>1 сөздүк | 1 жумушчу дептер<br>1 сөздүк |
| Физика | | 1 жумушчу дептер,<br>1 контролдук иш,<br>1 лабораториялык иш,<br>практикалык иш<br>дептери |

Мугалимдин иш программасында окуучулар учун дептердин башка түрлөрү да камтылышы мүмкүн: басма негизиндеги дептерлер, контурдук карталар ж.б.

Аралыктан окутуу учурунда мугалимдер окуучулардын иштерин электрондук вариантта кабыл алып,текшерип, баалоо жүргүзө алат.

Окуучулардын жазуу иштеринин түрлөрү

Окуучулардын класстык жана үй иштеринин негизги түрлөрү:

Кыргыз тили, орус тили, чет тили, математика, физика,химия сабактарынан көнүгүү иштери;

5-11-класстарда биология,география, адабият жана тарых, коом таануу сабактарынын конспектилери;

9-11-класстарда сабактар боюнча лекциялары; аналитикалык жана жалпылоочу таблицаларды,схемаларды ж.б. түзүү;адабияты , орус адабияты сабактарынан дил баяндар.

Кыргыз тили, орус тили, математика, англис тили, физика, химия предметтеринен учурдагы жазуу жүзүндөгү текшерүү иши жүргүзүлөт.

Кыргыз тили, орус тили жана математикадан акыркы жазуу жүзүндө текшерүү иши алынат.

Жыйынтыктоочу көзөмөлдөө иштери төмөнкү учурларда жүргүзүлөт:

программанын маанилүү темаларын изилдеп чыккандан кийин;

чейрек аяктаганда, жарым жылдык, жылдык аягында.

Чейректин биринчи жана акыркы күнү контролдук иштерди жүргүзүүгө тыюу салынат.

Жумушчу дептерлерди жүргүзүү тартиби

-1 -4-класстын окуучуларынын дептериндеги бардык жазуулар төмөнкү

эрежелерди жана талаптарды сактоо менен жүргүзүлүшү керек:тыкан, түшүнүктүү кол жазма менен жазууга;

-Дептердин мукабасындагы жазууларды бир калыпта жүргүзүүгө, ал эмнеге арналгандыгын көрсөтүүгө,мектеби, классы, номери жана окуучунун фамилиясы жана

аты.

-1-класстын окуучулары үчүн дептерлердин сыртын мугалим же ата-энеси жазып берүүгө укуктуу.

-1-11-класстын бардык окуучулары дептерлерин туура сактоосу керек, барактарын айрып салууга уруксат берилбейт, дептерге толук жазылмайынча жары дептерди баштоого болбойт.

-Бардык дептерлерге четинен солдон баштап так жана туура, четтериндеги талаадан чыкпай жазуу керек.

-Бардык окуучулар кызыл сызыкты сакташы керек.

-Жумушчу дептерде жазуу ишинин акыркы сабы менен кийинки күндүн датасынын ортосунда 2 сап калтырылып жазылат.

-Окуучулар каталарды төмөнкүчө оңдоолору керек: туура эмес жазуу тамгасын же тыныш белгилерин кыйгач сызык менен сызып салуу; сөздүн бөлүгү - ичке горизонталдык сызыктын ордуна керектүү тамганы жазып;

-Мугалим текшерүү иш дептерлерди текшерип чыккандан кийин, окуучулар тийиштүү болгон ошол эле дептерге каталар үстүнөн иштөө жүргүзүшү керек.

Жылына аткарылган текшерүү иштеринин санынын класс боюнча берилиши.

Класстык айырмачылыган жараша бир жыл ичинде окуучулар тарабынан текшерүү иштердин төмөнкүдөй максималдуу саны аткарылат.

| Сабактардын аталышы | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Кыргыз тили жат жазуу | 4 | 9 | 13 | 14 | 12 | 12 | 8 | 8 | 8 |
| Баяндама | 4 | 6 | 6 | 4 | 4 | 4 | 4 | 4 | 4 |
| Математика | 4 | 12 | 13 | 14 | 16 | 14 | | | |
| Алгебра | | | | | | | 11 | 10 | 9 |
| Геометрия | | | | | | | 5 | 7 | 5 |
| Физика | | | | | | | 4 | 4 | 4 |
| Химия | | | | | | | | 4 | 4 |
| Чет тили | | | 4 | 4 | 8 | 8 | 8 | 8 | 8 |

Бир класска же бир окуучуга бир кундө эки текшеруу иш жаздырууга болбойт

Мугалимдер тарабынан дептерлерди текшерүү тартиби;

Окуучулардын жумушчу дептерлери предметтик мугалимдер тарабынан төмөнкүдөй тартипте текшерилет:

-кыргыз тили, орус тили жана математика предметтери 5-6-класстарда жумасына бир жолу, 1-4-класстарда ар бир сабактан кийин;

-7-9-класстарда кыргыз тили, орус тили жана математика предметтери жумасына бир жолу, ал эми начар окуган окуучулардын дептери ар бир сабактан кийин;

-10-11-класстын окуучулары кыргыз тили, орус тили жана математика предметтери айына эки жолу,начар окуган окуучулардын дептерлери ар бир сабактан кийин.

- Мугалимдер тарабынан контролдук иштер дептери контролдук иш алынган күнү текшерилет, баа ошол күнкү датага кийинки сабакта коюлат.

-Контролдук иштерде кетирилген каталардын үстүнөн иштөөлөр текшерүү иши жазылган дептерге жүргүлөт;

-1 -7-класстарда орус тили жана математика боюнча текшерилип жаткан иштерде бардык

кетирилген каталар төмөнкү эрежеге таянып текшерилет: орфографиялык ката, цифра, математикалык белги чийилип, үстүнө керектүү тамга, цифра, белги жазылат;

-Керексиз тыныш белги чийилип, керектүүсү Кызыл калем менен жазылат.

-5-11-класстарда кыргыз тили боюнча дептерлерди текшерүүдө мугалим катаны кандайдыр бир белги менен белгилеп алат, баяндама жана дил баяндарды текшерүүдө орфографиялык жана тыныш белгилердин катасынан сырткары фактылык, пунктуациялык, кептик каталар белгиленет;

Жумушчу дептерлерде сакталуучу жалпы орфографиялык режим

Мектепте математикадан жумушчу дептерлеринде сакталуучу жалпы орфографиялык режимдин талаптары:

-Мугалим дептерлердин тазалыгына, сырткы жасалгаланышына, орфографиялык каталарга көңүл буруусу керек.

-Математикадан 5-6-класстарга 2 жумушчу дептер 1 текшерүү иши дептери колдонулат.

Окуучулардын жумушчу дептерине коюлган талаптар:

Таза жана туура жазуу;

Дептердин сыртында эмнеге арналгандыгы тууралуу жазуу, номери көрсөтүлүшү керек.

Мисалы:

№1 жумушчу дептер

Бишкек шаарындагы Свердлов районуна караштуу

№ 94 орто мектебинин 4-е классынын

окуучусу Бейшенбекова Аруукенин

математикадан жазган дептери

Окуучулар стандарттык 12-18 барактан турган клетка дептерге жазуусу керек, 48-96 барактан турган жалпы дептер (общая тетрадь) 7-11-класстарга колдонууга уруксат берилет;

Класстык иштерди жазууда дептердин кызыл сызыгынан өтпөө зарыл;

Жумушчу дептерге күндүн датасы барактын ортосуна коюлат;

Ар бир чыгарылган мисалдын номери көрсөтүлүшү керек;

Мисалдардын ортосуна 1-4-класстарда 2ден клетка, ал эми үй тапшырмасы менен класстык иштердин ортосуна 3 тен клетка, ал эми жогорку класстарда 4тен калтыруу зарыл.

Кыргыз тилинен жумушчу дептерлеринде сакталуучу жалпы орфографиялык режимдин талаптары

Мугалим дептерлердин тазалыгына, сырткы оформлениесине, орфографиялык каталарга көңүл буруусу керек.

Кыргыз тилинен 5-6-класстарга 2 жумушчу дептер 1 жат жазуу дептери колдонулат.

Окуучулардын жумушчу дептерине коюлган талаптар:

Таза жана туура жазуу;

Дептердин сыртында эмнеге арналгандыгы тууралуу жазуу, номери көрсөтүлүшү керек.

Мисалы: №1 жумушчу дептер

Бишкек шаарындагы Свердлов районуна караштуу

№94 орто мектебинин 4-е классынын

окуучусу Бейшенбекова Аруукенин

кыргыз тилинен жазган дептери

Окуучулар стандарттык 12-18 барактан турган сызык дептерге жазуусу керек, 48-96 барактан «турган жаңы дептер (общая тетрадь) 7-11-класстарга колдонууга уруксат берилет;

Класстык көнүгүүлөрдү жазууда дептердин кызыл сызыгынан өтпөө зарыл;

Жумушчу дептерге күндүн датасы барактын ортосуна коюлат;

Ар бир көнүгүүнүн номери көрсөтүлүшү керек;

Көнүгүүлөрдүн ортосуна 1ден сызык, ал эми үй тапшырмасы менен класстык иштердин ортосуна 2ден сызык, башталгыч класста 1 ден сызык калтыруу зарыл.

Дептерлерди иреттөөгө жана жүрүзүүгө коюлган талаптар.

Окуучулар 12-18 барактан турган стандарттык дептерлерди колдонушат. Жалпы - дептерлер-класстарда коп өлчөмдөгү иштерди аткарууну талап кылган сабактарда колдонушат. 1-2-класстын окуучуларынын дептерлеринин сырткы жазуусу мугалим же ата-энеси тарабынан толтурулат.

Ал эми калган класстарда окуучу өзү толтуруугa милдеттүү. Окуучуларга дептердин четиндеги кызыл сызыкка жазууга уруксат берилбейт. Жогорку класстарда гана лекция учурунда белгилөөлөрдү жазса болот.

Күндүн датасы кыргыз тили жазуу жүзүндө жазылат.

Мисалы: Тогузунчу сентябрь

Орус тили сабагында дата жазуу жүзүндө орус тилинде жазылат.

Мисалы: Девятое сентября

Англис тилинде жазуу жана цифра түрүндө алглис тилинде жазылат.

Мисалы: The 9-- of September

Математика сабагында цифра жана жазуу жүзүндө жазылат.

Мисалы: 9-сентябрь

4-класстан тарта математика, физика, химия, география, биология, тарых боюнча дептерлерде дата араб тамгалары менен жазылат.

Мисалы: 21.12.03 («ж» тамгасы жазылбайт).

Ар бир сабакта дептерге тема, ал эми орус тил, кыргыз тил, математика сабактарында аткарылып жаткан иштин түрү жазылат.

Мисалы: класстык иш, көнүгүү иштөө, үй тапшырма, диктант, жат жазуу, контролдук иш, тест, дил баян ж.б.)

Математикалык туюнтмаларды жазууда бардык символдор (белгилер, цифралар) каллиграфия эрежелерин эске алып жазылат, т.а. графиканы жана жазылып жаткан символдун санына тиешелүү чакмакты сактоо менен. Өзгөчө көп орундуу сандар менен иштөөдө (кошуу,көбөйтүү, кемитүү, бөлүү) сактоо талап кылынат.

Чийүүлөрдү, сүрөттөрдү, шарттуу белгилерди калем же калем сап менен, айырым учурда сызгыч же циркуль колдону менен так сызуу керек.

Окуучулардын дептерлери сөзсүз түрдө сыртталган болуусу керек.

Орус тили боюнча (сызык түрүндө) жана математика боюнча (чакмак) дептерлер 18 беттен калың болбошу керек.
«Мүнөздүү белгилер» менен колдонууга тыюу салынат.